
Кырг
83.8
Д 36

Талгат Деркембаев




# ЭМНЕ ҮЧҮН ТАШ ЖОЛ ЭМЕС, ЖИБЕК ЖОЛ?

Кырг
83.8
Д 36

Талгат Деркембаев

# ЭМНЕ ҮЧҮН ТАШ ЖОЛ ЭМЕС, ЖИБЕК ЖОЛ?



сүрөтчү

Элнур Исаков

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Д 36

Д 36 **Деркембаев Талгат**
**Эмне үчүн таш жол эмес, жибек жол? /** сүрөтчү Элнур Исаков. – Б.: «Имак Офсет». 2023. – 16 б.

ISBN 978-9967-33-345-1

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-345-1

УДК 821.51-93
ББК 83.84

им. К. Баялинова
ИНВ № 35513б/8

им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК



Менин атым – Алишер. Жакында онго чыгам.

Күнүгө Тагай досум экөөбүз «Жибек Жолу» көчөсүнөн өтөбүз. Тагай кыялдана берет. Экөөбүз көп нерсеге кызыгабыз. Биз абдан жакшы доспуз.

Бир күнү мектепке баратып, Тагай менден:

– Алишер, бул көчө эмне үчүн «Жибек Жолу» деп аталарын билесиңби? – деп сурап калды. Чынын айтсам, мен бул суроонун жообун билчү эмесмин. Тамашага салып:

– Балким, жол жибектен жасалса керек, – деп жооп бердим.

– Алишер, кызыксың! Жибектен да жол болчу беле? Боорумду эзбечи. Биз асфальт жол менен бара жатабыз го, – деп ийиниме колун койду.




– Чын эле, жибектен да жол жасалмак беле? Тагай, жибектин эмне экенин сен билесиңби?

– Ооба, жибек курттардан алынат. Аны Кытайда өндүрүшкөн. Апамдын жибек жоолугу, жибек көйнөгү бар. Анан текчеге түрдүү жибек жиптерин да тизип коёт. Апам, таенем экөө тең – уздар. Алар жыгач алкакка кездемени керип, жибек жип менен сайма сайышат. Чепкен, чыптама, калпакты көркөмдөшөт. Андан кийин кол өнөрчүлөрдүн «Кыял» базарына өткөрүшөт, – деди Тагай.

– Бирок, бул көчөнүн «Жибек жолу» деп аталганы кызык болуп жатпайбы.

– Ошону айтсаң. Ушул жерден экөөбүз күн сайын өтөбүз. Бирок бир да жолу бул тууралуу ойлонгон эмес экенбиз, ээ, Алишер?

– Темир жол бар, асфальт жол бар, таш жол, шагыл жол бар. Анан жибек жол деген кайдан чыкты ыя, Тагай? Ушул жагы кызык болду да.



– Илгери бул жерден хандар өткөндө жолго жибек төшөп жүрбөсүн? Тойлордо деле жаңы үйлөнгөндөрдү кездеменин үстүнөн бастырышат го.

– Ооба десең. Байкем менен жеңемдин тоюнда алардын басып бараткан жолуна ак кездеме салышкан. Бирок алар аз эле жерден басып өтүшкөн.

– «Жибек жолу» деген чоң көчө да. Ошончо жерге кантип кездеме жетсин?

– Туура агай, жибектен жол болбойт. Муну улуулар жакшы билсе керек, – дедим.

– Биз эми аны кимден сурайбыз?

– Интернетти ачып карап көрөлүбү?

– Жок, Тагай. Китепканадан эле сурасак туура болот го. Кандай дейсиң?

– Туура. Китепканачылар керектүү китепти таап беришет – деди Тагай.



Ошентип, биз жол боюндагы чоң китепканага келдик.

Китепканачы эжеден:

– Эже, биз Улуу Жибек жолу тууралуу маалымат алалы дедик эле. Кимге кайрылсак болот? – дедик.

– Келгиле, киргиле, – деп бизди экинчи кабатка ээрчитип чыкты. Өйдө чыкканда:

– Бул балдар Улуу Жибек жолу жөнүндө сурап жатышат. Биздин жаңы көргөзмө да ушул темага арналган эмеспи, – деди.




Биз ар кандай сүрөттөр, карталар илинген галереяга кирдик. Бул жерде Улуу Жибек жолу боюнча атайын көргөзмө болуп жаткан экен. Китепканачы эже:

– Келгиле, эми мен силерге Улуу Жибек жолунун тарыхын айтып берейин, – деди.


Китепканачы эже бизди көргөзмөгө коюлган ар бир сүрөт менен тааныштыра баштады.



– Балдар, Улуу Жибек жолу байыркы доордо эле пайда болгон. Соодагерлер бул жолдон 16-кылымга чейин каттап турушкан. Жибек жолу аркылуу Чыгыш менен Батыштын бир катар өлкөлөрү соода жүргүзгөн.

– Соодагерлер эч качан бул жолду Улуу Жибек жолу деп аташкан эмес. Айрымдар «Нефрит жолу» дешкен. Дагы бирөөлөр «Алмаз жолу» деп аташкан.

Алгач «Жибек жолу» деген аталыш 19-кылымдын аягында пайда болгон. Бул жолду немис тарыхчысы жана саякатчысы Рихтофер ушундай атаган.



– Эжей, Жибек жолу кайсы өлкөдөн башталган? – деп сурадым.

– Абдан туура суроо, Алишер. Жибек жолу Кытайдан башталган. Соодагерлер ташыган товардын эң башкысы кытай жибеги болгон. Ошо себептүү «Жибек Жолу» деген аталыш жарашып калган.

– Бул жолдун узундугу жети миң чакырымга жеткен. Аны төө, ат менен каттаган соодагер кербенчилер үч жылда араң басып өткөн.



– Эже, бул жол менен жалаң эле жибек кездеме алып өтүштү беле? – деп Тагай да сурады.

– Жок, балдар. Бул жол аркылуу ар түрдүү товарлар ташылган. Төө, атка жүк арткан кербендер Кытайдан кымбат баалуу жибекти ташыган. Индиянын таттуулары жана асыл таштары да абдан бааланган. Ирандан алтын жана күмүштөн жасалган кооз буюмдарды алып келип сатышкан.

Византия өлкөсүнөн кооз сүрөттөр, кымбат идиштер ташылган. Орто Азиядан жүндөн токулган килемдер, пахтадан жасалган кездеменин түрлөрү, согуш куралдары башка өлкөлөргө жеткен.

– Ошентип, кербендер чыгыштан батышка, батыштан чыгышты карай тынымсыз каттышкан. Алар соода кылуу менен бирге бирине-бири жаңы маданиятты да жеткирген.



Соодагерлер абдан кайраттуу жана баатыр адамдар болушкан. Алар кербен менен мээ кайнаткан ысык чөлдөрдөн өтүшкөн. Бийик ашууларды ашышкан. Агыны катуу сууну кечишкен.



Кербендер жолдо ар кандай окуяларга туш болушкан. Алар ар кандай шартта да соодасын уланта беришкен.


Кээде ээн жерден кербенге каракчылар да кол салган. Мындай учурда кербендеги ар бир адам кадимки жоокерге айланган. Алар жоонун мизин кайтара алышкан.




Кербен жолунда соодагерлер жана кол өнөрчүлөр жашаган бай шаарлар, чептер, кербен сарайлар пайда болгон.

Түркмөн өлкөсүндө Мерв шаары курулган. Өзбекстанда Бухара, Самарканд, Үргөнч, Хива шаарлары чоң соода борборуна айланган. Казакстандын Отрар, Түркстан, Тараз, Испеджаб шаарлары да кербен жолунун шарапаты менен пайда болгон.

Ал эми биздин өлкөбүздүн аймагында Суяб, Баласагын, Барскоон, Тоң, Таш-Рабат, Ош, Өзгөн шаарлары курулган. Биздин жерлерде да соода дүркүрөп өнүгүп, маданият гүлдөгөн. Кыргызстан Улуу Жибек жолунун боюндагы эң маанилүү өлкө болгон.




15-кылымдын акырында Жибек жолу өзүнүн маанисин жоготкон. Себеби, адамдар кеме куруу, суудa сүзүү өнөрүн мыкты үйрөнгөн. Мындан ары соода товарлары кемелер аркылуу тез ташыла баштаган.

Жүктөрдү арабдар алгач Перс булуңу аркылуу Жер ортолук деңизине алып чыгышкан. Андан ары Европага жеткиришкен. Булардан соң Васка да Гама аттуу деңизчи Европадан Азияга деңиз аркылуу айланма жолду көрсөтүп берген.

БДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35573 б/р




Жолдун «Жибек жолу» аталып калышына жибек товарлардын көп ташылгандыгы негизги себеп болгон.

Жибек жолунун кыскача тарыхы ушундай, балдар, – деп эже сөзүн аяктады.

Ошентип, достор, Тагай экөөбүз бүгүн биз кызыктуу маалымат алдык. Бизге көргөзмө аябай жакты.

Китепканалардан издегендин баарын таап, кызыктырган суроолорго жооп алса болот экен!

РБДЮ
35513 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Талгат Деркембаев**

*Сүрөтчү*
**Элнур Исаков**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

1-класс: 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли
2-класс: 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли
3-класс: 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли
4-класс: 4.1 деңгээли, 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg